Асан Жансейитов атындагы орто мектеби

# КЛАССТЫК СААТ

**Сабактын темасы:** Адепсиздиктин акыры – кылмыш, Кылмыштын акыры – жаза

МУГАЛИМ :Абдылдаева Б.Ш

**Күнү : 16- декабрь 2022-жыл**

**Мугалим : Абдылдаева Б.Ш**

**Сабактын темасы: Адепсиздиктин акыры – кылмыш, Кылмыштын акыры – жаза.**

**Сабактын максаты:** А) Билим берүүчүлүк: Окуучулар адепсиздик, кылмыштуулук
боюнча түшүнүк алышат.
Б) **Өнүктүрүүчүлүк:** Кылмыштуулуктун жана адепсиздиктин акыры жакшылыкка алып келбестигин билишет.
В) **Тардия берүүчүлүк:** Окуучулар бири-бирин уга билишет, ар дайым адептүү болууга аракеттенишет.
**Сабактын тиби:** Жаңы материалдар менен тааныштыруу
**Сабактын усулу:** Көрсөтмөлүү.
**Сабактын жабдылышы:** Батман, ноутбук, сүрөттөр, маркер, кылмыштуулук боюнча буклет, макал-лакаптар жазылган листтер
**Сабактын жүрүшү:**

1. Саламдашуу: Саламатсыздарбы урматтуу мектебибизге келген коноктор, мугалимдер жана окуучулар. Бүгүн биздин коомдун алдында турган эң актуалдуу кыйынчылыктардын бири өспүрүмдүр арасындагы кылмыштуулук болуп жатат. Өз кезегинде белгилей кетчү нерсе жалпы эле жашы жете элек учур б.а өспүрүм курак-инсандын татаал өсүү мезгили. Ушул учур өтө тез өткөнүнө карабастан ар бир инсан андан аркы тагдырын чечет. Себеби өспүрүм куракта мүнөздүн эң оор негизги өзгөрүүлөрү жүрүп, айланадагылардын коомдун таасири астында инсан катарында калыптанат.
Бүгүнкү күндө мына ушундай өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулукту баарыбыз үналгы, сыналгыдан көрүп, угуп гезит- журналдардан окуп, жада калса өзүбүз күбө болуп жатабыз. Кылмыштуулук ар түрдүү себептерден келип чыгат. Бул көйгөйдү чогулуп чечип , чогу жеңсек.
Бүгүнкү тегерек столубузду ачык деп жарыялап , келген коноктор менен силерди тааныштырып өтсөм.
Соц педагог: Бомурзаев А.
М.К.Т.И. уюштуруучу: Чиналиева Ж.
Ата-энелер комитети: Касымбекова А.
Кл. жетекчилер жана мугалимдер
Алгач адепсиздик менен кылмыштуулукту бири -биринен айырмалап, түшүнүп алсак класстер түзүлдү.
-Адепсиздик деген эмне?
Бул коомдогу адеп ахлак нормаларын бузуу.
-Кандай сапаттар кирет? Адепсиздик, калпычылык .ушактоо мазактоо,ыймансыздык оройлук, ач көздук көрө албасттык.
-Кылмыштуулук деген эмне? Бирөөгө зыян
келтирүү, Коомго туура эмес мамиледе болуу.

Баңгилик
Араккечтик
Чыгуу себептери ?
Кылмыштуулук, бекерчилик, бээбаштык. Кароосуз калган балдардан, чыр – чатактуу үй- бүлөлөрдөн, интернет, убакытты туура эмес пайдалануудан.
Рэкетчилик- англис тилинен которгондо зордук- зомбулук деп айтылат. Видео тасмадан өспүрүмдөрүн кылмыштуулукка тартылганын көрөлү.
Талкуулоо
Статистикалык маалыматтар берилди.
5. Окуучулар ушул элерден талкууну токтотуп, келген коноктордон талкууну сурап көрөлү. Себеби алар да ушундай өспүрүм курактан өтүшкөн.
– Сиздин оюңуз боюнча балдарын кантип адептүүлүккө
үйрөтүшкөн? (жомок, уламыш, каада- салт) Рахманова Г. (ата-эне)
Сиздин оюңуз боюнча азыркы жаштардын адепсиздиги эмнеден? Соц.педагог: Бомурзаев А. Адептүүлүккө балдарды мектеп тарбиялаш керекпи эле же ата-энеби?
Сапаттуу билим алуу кылмыштуулукту азайта алабы? Эргешова М.
– Кылмыштуулукту кандай жол менен азайтса болот? Соц.педагог: Бомурзаев А.
– Мектептеги рэкетчиликти түп тамыры менен жок кылуу мүмкүнбү? Чиналиева Ж.
6. Мына ошентип тегерек столубуздун биринчи бөлүгү аяктады. Мындан жыйынтык чыгарсак кылмыштуулук: – чыр- чатактуу үй- бүлөдөн, максатсыз көчөгө чыгуудан, бекерчиликтен, кароосуз калган балдардан, социалдык абалы начар үй- бүлөдөн, кол телефондон, ДВД, дисктерден келип чыгат.
7. Музыкалык тыныгуу: Ичпечи апа.
8. Тегерек столубуздун экинчи бөлүгү.
Баарыңыздардын көңүлүңүздөрдү доскадагы макал- лакаптарга бурмакчымын.
– Окуучулар кыска- нуска, кылып өз ойлоруңарды айтып чечмелеп кетесиңер.
Жакшы болгон баланын атасы жаман болсо да,
Төрдө туруп сый табар.
Жаман болгон баланын атасы жакшы болсо да,
Төө үстүнөн ит кабар.
Өсөрүбүз да, өчөрүбүз да тарбиядан.
Балдарга мээримибиз,бактылуу келечегибиз.
Майда кылмышты жазаласаң, чоң, кылмыштын алдын аласың, Кыргыз эли илгертен эле балдарды тарбиялоодо учкул сөздөрдү, макал- лакаптарды, кылымдарды карыткан акылдарды айтып келишкен. Мына ошолорду силерден уксак.
Бибинура: Жакшы киши ачык сүйлөйт,
Сөз тамырын казып сүйлөйт.
Жаман киши сасык сүйлөйт,
Өзгөлөрдү басып сүйлөйт.
Амалкөй былык сүйлөйт,
Адептүү сылык сүйлөйт.
Бекболсун: Улама менен бир жүрсөң,

Сөз кадырын билесин,.
Жакшы менен бир жүрсөң,
Эл кадырын билесин.
Махир: Жакшылыкка жакшылык- ар кишинин ишидир,
Жакшылыкка жамандык- көр кишинин ишидир. Жамандыкка жакшылык- эр кишинин ишидир, Жамандыкка жамандык- кем кишинин ишидир.
Нилуфар: Жалтанат адам эмнеден?
Жаман сөз айткан пендеден.
Тартынат адам эмнеден?
Табалап күлгөн пендеден.
Талантка таамай сын берер,
Тараза болот эл деген.
9. Доскадагы сүрөттөр боюнча талкуулоо.
Азыр окуучулар алдынарга жандуу көрүнүш көрсөтүлөт. Эмнени байкадыңар, бул кандай көрүнүш?
Катышуучулар: мугалим, окуучулар, энеси
Мугалим: Жавахир! Сага эмне болгон? Окууну таштап койдуң, сабакка көңүл бурбайсын? Тур! Ата- энеңди ээрчитип кел.
Ушул күнү чоң класстын 2 окуучусу Жавахирди уруп, акча талап кылат. үйүнө барып энесинен да сөз угат. Эки анжы ойдо калат- өмүр, өлүм. Мектепке соц. педагогко кайрылып, мектепти ийгиликтүү аяктап, жумушка орношот. Көп жыл мурун урган бала Жавахирден жумуш сурап кайрылат. Жавахир аяды, боору ооруду, колтуктап көтөрүп, ылайыктуу жумуш берет.

**Жыйынтык:** Улуу адамыбыз И. Раззаков айткандай “Сен таза болсоң, мен таза болсом, коом да таза болот” деген сөздү өзүбүзгө ураан кылып, бир жакадан баш ,бир жеңден кол чыгарсак ошондо гана кылмыштуулукту, рэкетчиликти жеңебиз деген ойдомун. Ал эми коноктор силерге чоң рахмат. Келип катышып, акыл-насааттарыңыздарды айтып бергениңиздерге.
Каныкей: “Кыргызстан” ыры менен бүгүнкү маекти аяктайбыз.

Текшерилди: К. [signature]

Асан Жансейитов атындагы орто мектеби

# Класстык саат

Сабактын темасы: Насыбай, тамекинин зыяндуулугу.

Мугалим : Абдыбекова К.А

Сабактын темасы: Насыбай, тамекинин зыяндуулугу.

Сабактын максаты:

1. Насыбай менен тамекинин ден соолукка, үй-бүлөлүк казынага тийгизген зыяны жөнүндө түшүнүк алышат.

2. Жаман адаттардан алыс болууга көнүгүшөт. Байланыштуу кеби өсөт. Өз оюн толук айтканга көнүгүшөт.

3. Адептүү жүрүм-турумга, ден соолукка кам көрүүгө тарбияланышат.

Сабактын жабдылышы: Слайд, сүрөттөр.

Сабактын жүрүшү:

Уюштуруу: Жагымдуу маанай түзүү, алтын эрежени кабыл алуу.

Негизги бөлүк.

Мугалим слайд көрсөтүп, насыбай, тамекинин зыяндуулугу жөнүндө айтып берет.

Насыбайдын зыяны, биринчиден тамырыңды өлтүрөт. Бул адамды тукумсуз да кылат. Мындан сырткары мээни кургатып жиберет. Кыргызстанда эле жасалат. Кошулмалары - тамеки, акиташ, күл, клей. Анан суу да кошулат. Насыбай колго жасалат. Анын өзүнүн аппараты бар, алардын баарын аппаратка салып өткөрөт. Андан кийин электе эленет. Электен майдалары түшүп калат. Андан кийин насыбайга акиташтан сээп коюп, мүшөккө бир-эки саат күчүнө келиши үчүн коюп коет. Насыбай - баңги заттын бир түрү

Ооба, насыбай өзү татаал зат болуп саналат. Анын курамынын 50 пайыздан көбүн тамеки түзөт. Ал эми тамекидеги негизги каражат - бул адамга психотроптук таасирин тийгизе турган алколоид-никотин болуп саналат. Мындан улам адамда психикалык жактан да, физикалык жактан да насыбайга көз карандылык пайда болот. Бара-бара бул көз карандылык адамдын ден соолугун начарлата турган кесепеттерге алып келет.

Чылым чегуу бүгүнкү күндө олуттуу көйгөйлөрдүн бири десек эч жанылышпайбыз. Учурда тилекке каршы бул жоорук болуп корбогондой күч алды. Мурун чылым чегүү улуу кишилерде гана сейрек кездешчү эле. Бугун күн өткөн сайын аял-эркек, жаш кары муну адатка айландыргандардын саны арбып барат. Жада калса бешиктен бели чыга элек жаш өспүрүмдөрдүн да чылымдын курмандыгына айланып баратканы зээнди кейитет. Бул көйгөйдү кандайча , кантип жойсо болот?

Албетте,аталган көйгөй жалпы коомчулукта болуп жаткандан кийин муну жеке бир адам чечип койчу оңой-олтоң иш кылып , чогуу чечүү зарыл.

Тамекинин күнүмдүк турмуштагы зыяндары

1.Чылым үй-бүлөлүк казынага зыян келтирет. Бир кундо 65 сомдук тамекиден бир куту чеккен адам айына 1950 сом, ал эми бир жылда 23400 сом зыянга учурайт.

2.Балага терс тарбия берүү, ага терс үлгү болуу. Ырас, атасы чылым чеккен соң, баласынын муну адатка айлантышына эч ким кепилдик бере албайт.

3.Убакытты туура колдоно албоо. Бир даана тартуу үчүн 3 минута кетсе, бир күндө бир куту тамеки тартуу үчүн 1 саат, 1айда, 30 саат,

1 жылда 365 саат убакыт текке кетет.

4.Тамеки көз карандылыкты пайда кылат.тамеки чеккен адам белгилүү убакыттан кийин анын курмандыгына айланышы толук ыктымал.

5.Чылым чеккен адамдар ар качан жагымсыз жыттанып жүрүшөт.

Тамекинин ден соолукка тийгизген таасири.

1.Тиштин бузулушуна жол ачат.

2.Чач,тырмактарга да олуттуу зыян алып келет.

3.Беттин тээрисин былбыратып, сулуулугун жоготот.

3.Жүрөк, өпкө, бөйрөк ооруларына чалдыктырат.

4.Ашказандын начарлашына алып келет.

5.Рак оорусуна да жол ачат.

Кыргызстандын саламаттыкты сактоо министринин билдиргени боюнча , дүйнө жүзүндө жыл сайын тамекинин айынан көз жумгандардын саны 5 млн го чейин жетет. Бул көрсөткүч ар бир мүнөт сайын 10 киши тамекинин айынан көз жумууда деп түшүндүрөт.

Бышыктоо:

1-топ

Тамекинин зыяны.Стикер аңгеме.

2-топ.

Насыбайдын зыяны стикер аңгеме

3-топ.

"Мен тамеки, насыбай чекпейм, анткени ал зыян" эссе

Топтордун презентациясы.

Жыйынтыктоо :

Кластер тамеки жана насыбай.

Тишти бузат



Ашказан ооруйт

Үй бүлөлүк казынага зыян

Тамеки, насыбай

Мээ кургайт

Жүрөк ооруйт

Өпкө жабыркайт